«БЕКИТЕМИН»
К. 08. 15. 510 Диссертациялык
кеңешинин төрагасы э. и. д.,
профессор Токтомаматов К. Ш.
«___» ______________ 2015-ж.

**08. 00. 05 – «Экономика жана эл чарбасын башкаруу» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган Арынова Наргиза Сапаралиевнанын «Айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу темадыгы диссертациялык ишин коргоо боюнча К. 08. 15. 510 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

# КОРУТУНДУСУ

Биз комиссия курамында: төрага экономика илимдеринин доктору, профессор Тургунбаев Ж. Т., комиссиянын мүчөлөрү: экономика илимдеринин доктору, профессор Купуев П. К., экономика илимдеринин доктору, профессор Эргешбаев У. Ж., Арынова Наргиза Сапаралиевнанын «Айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу диссертациялык иши менен таанышып, илимий жетекчиси тарабынан берилген ой-пикирди, изденүүчүнүн илимий эмгектерин карап чыгып жана Кыргыз-Өзбек университетинин «Каржы-экономика» факультетинин «Экономика жана бухгалтердик эсеп», «Каржы жана салыктар» кафедраларынын биргелешкен отурумдарынын жана М. Адышов атындагы Ош технологиялык университетин «Экономика жана башкаруу» факультетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасынын кеңейтилген отурумдарынын протоколдорун көңүлгө алуу менен төмөндөгүдөй бүтүмгө келдик:

**1. Коргоону өткөрүүгө укук алган Диссертациялык кеңештин адистигине дал келиши.**

Арынова Наргиза Сапаралиевнанын «Айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу диссертациялык иши Диссертациялык иштин профилине дал келет. Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл жерлериндеги социалдык өнүгүү көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору боюнча бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп, сунуштар берилген, бул өз кезегинде 08. 00. 05 – «Экономика жана эл чарбасын башкаруу» (аймактык экономика) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Изилдөөнүн максаты** болуп, айыл жергесинин социалдык көйгөйлөрүн комплекстүү түрдө изилдөө жана ошонун негизинде Ош облусунун мисалында социалдык өнүгүүнү жакшыртуунун жолдорун иштеп чыгуу эсептелинет. Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү **маселелерди** чечүү каралган:

- айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнүн маанисин жана мазмунун окуп үйрөнүү;
- айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлорду ачып берүү;
- айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн эл-аралык тажырыйбаларын изилдөө;
- Ош облусунун айыл жерлеринин социалдык өнүгүүсүнүн тенденциясына жана азыр күндөгү абалына талдоо жүргүзүү;
- айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнүн материалдык базасын чыңдоосунун негизги багыттарын аныктоо;
- айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын жогорулатуу жолдорун иштеп чыгуу;
- айыл жашоочуларын социалдык жактан камсыздоону жакшыртуунун багыттарын белгилөө.

**Изилдөөнүн объектиси** катарында айыл жерлеринин социалдык өнүгүүсүн камсыз кылуучу социалдык чөйрө саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү жана аны чечүүнүн жолдору эсепелинет.

**2. Теманы изилдөөнүн акутуалдуулугу**

Азыркы убакта көз карандысыз мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсү, анын ичинеде айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн модернизациясы өзгөчө мааниге ээ. Крыгыз Республикасындагы бул процесстин өзгөчөлүгү болуп, республикадагы калктын үчтөн эки бөлүгү айыл жеринде жашагандыгы жана анда билим берүү, саламаттыкты сактоо, мындан башка социалдык камсыздоо жана маданият чөйрөсүнүн мекемелеринин көптөгөн саны топтолгон.

Айыл жеринин социалдык көйгөйүн изилдөө даана көрүнүп турган аймактык мүнөзгө ээ, себеби айыл жергеси деген түшүнүктүн өзү анын бир айылдын, райондун жана башка административдик-территориялдык бөлүктүн алкагында чектелгендиги менен түшүндүрүлөт. Мына ушул өңүттө Ош облусу социалдык түзүлүштүн өнүгүүсүндө талдоо жүргүзүү жана сунуш киргизүү үчүн жетишээрлик болуп саналат.

Өз кезегинде айыл жергеси социалдык өнүгүүсү, анын аймактын жана жалпы республиканын өнүгүүшүнө тийгизген таасири, айылдардын жаратылыш-климаттык шартына, географилык жайгашышына, транспорттук байланыш жана башка билдирүүлөрүнүн абалына байланыштуу өзгөчөлүктөргө ээ.

Айыл жеринин башка өзгөгчөлүгү катары, андагы билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданий-массалык иштерди жана социалдык камсыздоону уюштуруунун өзгөчөлүгүн айтсак болот. Айыл жериндеги калкытын жашоого болгон аракети, үрп-адаттары жана каада-салттары курчап турган чөйрөнү кабыл алуусу жана ушуга байланыштуу билим берүү системасындагы билим алуусу, саламаттыгына кам көрүүсү ж. .б. у. с. жагдайлары менен азыркы шаар жеринде жашаган калктын билим берүү жана саламаттыкты сактоо кызматтарына болгон жеткиликтүүлүгү менен айырмаланат.

Айыл жеринин социалдык өнүгүүсү башка комплекстер менен дагы тыгыз байланышып, бир гана өз алдынча аймактык өнүгүүсү үчүн эмес жалпы республикалык социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн ар тараптуу таасир көрсөтөт. Анткени райондор жөнүндө айтпасак дагы бардык эле айылдар башка жергиликтүү бийликтин территориялык органдары, республикалык мекемелер жана экономикалык түзүлүштөр менен байланышта. Бул байланыш өзгөчө жаш муундардын орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда билим алуу учурунда, саламаттыкты сактоо кызматтарын пайдаланууда жана социалдык камсыздоодо пайда болот.

Ушуну менен бирге эле айыл жеринин социалдык өнүгүү көйгөйлөрү өзгөчө рынок мамилелерине өтүү шартында аз иликтенип жана изилденип, бул багытта илимий макалалар жана илимий жарык көрүүлөр социалдык чөйрөнун бир тармагына гана (билим берүү, саламатыкты сактоо же маданият тармагы) тиешелүү болуп, бул багытта айыл жериндеги өзгөчөлүүктөр белгиленбей келген. Мына ушуга байланыштуу айыл жериндеги билим берүүнү, саламттыкты саткоону жана социалдык камсыздоону натыйжалуу уюштуруу маселелери, айыл жеринде калктын негизги көп бөлүгү жашагандыктан, бул багыттын жаңы мааниге жана актуалдуулукга ээ экендигин тастыктайт.

Жогоруда айтылгандар диссертациялык иштин актуалдуулугун тастыктайт, ошондой эле диссертациялык иш мезгилдин талабына ылайык өз убагында жазылган.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Диссертациянын үстүнөн иштөө учурунда илимий жаңылыктардын элементтерине ээ болгон төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды:

**Жыйынтык 1.** Автор тарабынан айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн мааниси жана мазмуну окулуп үйрөнүлүп, социалдык өнүгүүнү модернизациялоо зарылчылдыгына басым жасалып, социалдык өнүгүүнүн түшүнүктөрүнө жана мазмундук мүнөздөмөсүнө рыноктук кайра

өзгөрүүлөрдү эске алуу менен тактоо сунуштары киргизилген (1-бап, 1. 1. бөлүмчө).

**Жыйынтык 2.** Изденүүчү тарабынан айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор системалаштырылып жана алардын аймактын социалык көйгөйлөрүн чечүүдө сандык жана сапаттык таасири кандай шартта таасир этүүсүнө көңүл бурулган (1-бап, 1.2. бөлүмчө).

**Жыйынтык 3.** Автор социалдык өнүгүүнүн эл - аралык тажырыйбаларын окуп үйрөнүү менен аларды рынок шартына ылайыкташтырууга аракет жасаган (1-бап, 1.3. бөлүмчө)

**Жыйынтык 4.** Изденүүчү аймактагы социалдык өнүгүүнүн азыркы учурдагы абалына баа берүү менен, социалдык өнүгүүнүн резервин ачып көрсөткөн (2-бап, 2.1, 2.2, 2.3-бөлүмчөлөр).

**Жыйынтык 5.** Диссертант айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багыттарын сунуштаган (3-бап, 3.1. бөлүмчө)

**Жыйынтык 6.** Автор тарабынан айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыктык сактоо чөйрөлөрүн жакшыртуунун жолдору иштелип чыккан жана сунушталган (3-бап, 3.2 бөлүмчө).

**Жыйынтык 7.** Изденүүчү айыл калкын социалдык жактан камсыз кылуунун багыттарын жакшыртууну аныктаган.

Изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында алынган теоретикалык-практикалык жана методологиялык мүнөздөгү жыйынтыктар маанилүү деңгээлдеги илимий жаңылык экендигин тастыктайт.

**4. Изденүүчү тарабынан алынган илимий жоболордун, сунуштардын жана жыйынтыктардын жеткиликтүүлүк жана негиздүүлүк деңгээли**

**Жыйынтык 1.** Айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн мааниси жана мазмуну окулуп үйрөнүлүп, социалдык өнүгүүнүн түшүнүктөрүнө жана мазмундук мүнөздөмөсүнө рыноктук кайра өзгөрүүлөрдү эске алуу менен тактоо сунуштары киргизилген. Алынган жыйынтыктар жеткиликтүү жана

негиздүү, анткени ушул багыттагы илимий мамилелерди терең изилдөөнүн негизинде алынган.

**Жыйынтык 2.** Изденүүчү тарабынан айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор системалаштырылып жана алардын аймактын социалык көйгөйлөрүн чечүүдө сандык жана сапаттык таасири кандай шартта таасир этүүсү каралды. Алынган жыйынтыкра негиздүү, анткени аталган маселелерге илимий изилдөөлөр негизделген.

**Жыйынтык 3.** Социалдык өнүгүүнүн эл-аралык тажырыйбаларын окуп үйрөнүлүшү жана аларды рынок шартына ылайыкташтырууга аракет жасоо негиздүү, анткени эл аралык тажырыйбаларды биздин шартта колдонуу негиздүү.

**Жыйынтык 4.** Аймактагы социалдык өнүгүүнүн азыркы учурдагы абалына баа берилип, социалдык өнүгүүнүн резервдеринин аныкталышы негиздүү жана жеткиликтүү, анткени социалдык өнүгүүнүн акыркы жылдардагы абалына талдоо жүргүзүлгөн.

**Жыйынтык 5.** Жеткиликтүү болуп, айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багыттары сунуштаган.

**Жыйынтык 6.** Айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыктыкты сактоо чөйрөлөрүн жакшыртуунун жолдору иштелип чыгып, сунуштардын киргизилиши негиздүү жана жеткиликтүү, себеби мында айкын сунуштар киргизилген.

**Жыйынтык 7.** Негиздүү жана жеткиликтүү себеби айыл калкынын социалдык жактан камсыз кылуунун багыттарын жакшыртууну аныктаган.

**5. Диссертацияда чагылдырылган ар бир илимий жыйынтыктардын (жоболордун), бүтүмдөрдүн жана корутундунун жаңылык деңгээли.**

**Жыйынтык 1.** Жаңылыктары бар, анткени айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн мааниси жана мазмуну теориялык-практикалык жактан толукталган.

**Жыйынтык 2.** Жаңы, себеби айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор системалаштырылган.

**Жыйынтык 3.** Жаңы, анткени социалдык өнүгүүнүн эл-аралык тажырыйбалары каралып, аларды рынок шартына ылайыкташтырууга аракет жасалган.

**Жыйынтык 4.** Жаңы, себеби статистикалык маалыматтарды талдоонун негизинде аймактагы социалдык өнүгүүнүн азыркы учурдагы абалына баа берилиген жана социалдык өнүгүүнүн резервдеринин аныкталга.

**Жыйынтык 5.** Жаңы, анткени айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багыттары сунушталган
**Жыйынтык 6.** Жаңы, анткени автор тарабынан айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыктык сактоо чөйрөлөрүн жакшыртуунун жолдору иштелип чыккан жана сунушталган

**Жыйынтык 7.** Жаңы, себеби диссертацияда негизделгендей айыл калкынын социалдык жактан камсыз кылуунун багыттарын жакшыртууну аныктаган.

**6. Көйгөйлөрдүн актуалдуулугун, теориялык жана практикалык маселелердин дал келишинин негизинде алынган жыйынтыктардын ички биримдүүлүгүн баалоо.**

Жыйынтыктарды баалоо менен биргеликте, изилденүүчү тарабынан изилдөөнүн натыйжасында алынган жыйынтыктар айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн чечүүнүн жана социалдык өнүгүүнү жакшыртуу менен байланышкан тажырыйбалык жана илимий-усулдук комплекстүү изилдөө болуп эсептелинет.

Алынган жыйынтыктар бири-бири менен тыгыз байланышкан. Тажырыйбалык сунуштар теориялык жоболорго негизделген жана айыл жеринин социалдык өнүгүүсүн жакшыртуунун негизги багыттары каралган.

Диссертациялык иш өзүнө бир катар илимий жыйынтыктарды жана айыл жеринин социалдык өнүгүүсүн көйгөйлөрүн чечүүдө, айыл жерининин социалдык өнүгүүсүнүн жакшыртуунун негизги багыттарын камтыган бир

нече иштеп чыгууларды жана сунуштарды камтыйт. Бул өз кезегинде аталган көйгөйлөрдү чечүүдө автордун экономикалык илимге кошкон салымын айкындайт. Аталган көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунушталган жаңы багыттарды жетишээрлик деңгээлде аргументтүү деп эсептөөгө болот.

**7. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**

Автор тарабынан иштелип чыккан айл жеринин социалдык өнүгүүсүн жакшыртуу боюнча иш-чаралар кокреттүү программаларды жана аймактагы социалдык көйгөйлөрдү чечүүдөгү концепцияларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн

Айыл жеринин социалдык чөйрөсүнүн өнүгүүсүндөгү теориялык жоболор жана практикалык сунуштар, айылдардын инновациялык өнүгүүсүн модернизациялоо шартында, айыл жериндеги социалдык чөйрөдө айыл жашоочуларына көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын сапатын жогорулатууга жана билим берүү, саламаттыктыкты сактоо, маданият тармагындагы ишмердүүлүктү өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун жана жыйынтыктарынын жарык көрүшүн тастыктоо.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары төмөнкү илимий эмгектерде жарык көргөн:

1. Арынова Н. С. Айыл жеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор. [Текст] / Н. С. Арынова, Ч. К. Райымбаев// Наука и новые технологии // Бишкек № 2, 2012. С. 157-159
2. Арынова Н. С. Жумушсуздук менен күрөшүү - социалдык өнүгүүнүн жакшыртуунун негизги багыты [Текст] / Н. С. Арынова, Ч. К. Райымбаев// Экономика //Бишкек № 3 (13) 2012 с. 93-97
3. Арынова Н. С. Особенности социального обеспечение в регионах [Текст] / Н. С. Арынова, Ч. К. Райымбаев// Матер. межд. научно-прак. конф. «Современное государство: проблемы соц-экон. развития» Часть 2. Г //. Саратов РФ. 2013. С. 73-79

4. Арынова Н. С. Система финансирование социального обеспечение в Кыргызской Республике [Текст] / Н. С. Арынова, Ч. К. Райымбаев// Матер. межд. научно-прак.конф. «Проблемы функционирования предпринимательских структур в условиях перехода на инновационный путь развития» Часть 1. // г. Воронеж РФ. 2013 с. 289-293

5. Арынова Н. С. Пути снижение безработицы в сельском хозяйстве [Текст] / Н. С. Арынова, О. Э. Абдрахманов // Экономика и статистика // Бишкек № 2. 2013. С. 43-46

6. Арынова Н. С. Айыл жериндеги социалдык инфраструктуралардын бүгүнкү күндөгү абалы [Текст] / Н. С. Арынова // Экономический вестник // Бишкек № 4, 2013. С. 33-38

7. Арынова Н. С. КМШ өлкөлөрүнүн социалдык өнүгүүсүнүн тажырыйбалары [Текст] / Н. С. Арынова, Ч. К. Райымбаев// Экономика и статистика // Бишкек № 1. 2014. С. 55-59

8. Арынова Н. С. Айыл жеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн укуктук жана уюштуруучулук нормалары [Текст] / Н. С. Арынова // Экономика и статистика // Бишкек № 1. 2014. С. 35-39

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазумунуна, анын коюлган максатына жана изилдөөнүн маселелерине толугу менен дал келет. Авторефератта бир түрдөгү орус жана англис тилиндеги резюме келтирилген.

**10. Расмий оппоненттерди, жетектөөчү мекемени дайындоо жөнүндөгү сунуштардын негизделиши**

Комиссия Арынова Наргиза Сапаралиевнанын диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катарында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук уиверстиетинин «Экономика» кафедрасын сунуш кылат. Анткени аталган мекемеде 08. 00. 05 – «Экономика жана эл чарбасын башкаруу» адистиги боюнча экономика илимдеринин докторлору жана кандидаттары иштешет.

Биринчи расмий оппонент катарында экономика илимдеринин доктору, профессор Тургунбаев Жусуп Тургунбаевичти сунуш кылат, анткени изилдөөдөгү көйгөйлөргө байланыштуу төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Тургунбаев Ж. Т. Экономический потенциал Кыргызской Республики: состояние и перспективы использования» // ИСИ – Бишкек, 2000, -16 п.л

2. Тургунбаев Ж. Т. Системы территориального управления в регулировании рыночного механизма // Экономика и финансы. Научно-практический журнал. – Бишкек, 2011, № 2. С 24-27

3. Турганбаев Ж. Т. Об экономических функциях местного самоуправления // Аграрная Россия – Москва, 2004, № 4. С 113-117

Экинчи оппонент катарында экономика илимдеринин кандидаты, доцент Уметов Салмолорбек Садирбековичти сунуш кылат, анткени изилдөөдөгү көйгөйлөргө байланыштуу төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Уметов С. С. Состояние и совершенствование службы занятости // Наука и новые технологии, 2010. № 6. С 81-84

2. Уметов С. С. Закономерность миграционных процессов в условиях рынка. // Поиск, - Алматы, 2011, № 2(1). С 66-72. ж.б.

Комиссия аталган расмий оппоненттердин жана жетектөөчү мекеменин дайындалышын жетишээрлик деңгээлде негиздүү деп эсептейт.

Диссертациянын жана автореферattын мазмуну, структурасы изилдөөнүн илимий жоболорун жана жыйынтыктарын чагылдырат жана алардын жасалгаланышы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын авторефераттy жана диссертацияны жасалгалоо жөнүндөгү инструкциясына толугу менен жооп берет.

Диссертацияда иштелип чыккан теориялык жоболорду экономика чөйрөсүндөгү жаңы илимий изилдөө катарында квалификациялоого болот, анын негизинде тажырыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

Комиссия көрсөтүлгөн доукменттерди (диссертациялык иш, автореферат жана илимий эмгектер) карап чыгып, Арынова Наргиза Сапаралиевнаны 08. 00. 05 – «Экономика жана эл чарбасын башкаруу» (аймактык экономика) боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган «Айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» аттуу диссертациялык ишин ***Ош мамлекеттик университетинин жана Жалал-Абад Экономика жана ишкердүүлүк университеттеринин*** алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К. 08. 15. 510 Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңешине кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын**
**төрагасы, э. и. д., профессор:** **Тургунбаев Ж. Т.**

**Мүчөлөрү:**

**э. и. д., профессор:** **Купуев П. К**

**э. и. д., профессор:** **Эргешбаев У. Ж**

Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктаймын.

**К. 08. 15. 510 Диссертациялык кеңешинин**
**илимий катчысы, э. и. к, доцент:** **Кулуева Ч. Р.**